**Каденова Жаннат Токтомаматовнанын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча ««Манас» эпосунда бала Манастын инсан, патриот катары калыптанышында элдик тарбия салттарынын ролу» деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.18.573 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын**

# БҮТҮМҮ

**Эксперттик комиссиянын курамы: Эксперттик комиссиянын төрагасы -** педагогика илимдеринин доктору, профессор Алимбеков А.А. **Комиссиянын мүчөлөрү:** педагогика илимдеринин доктору, профессор Муратов А.Ж., педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Тажикова Б.Ш.

Изденүүчү Каденова Жаннат Токтомаматовнанын ««Манас» эпосунда бала Манастын инсан, патриот катары калыптанышында элдик тарбия салттарынын ролу» деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин карап чыгып, **диссертация тууралуу төмөнкүлөрдү ырастайт:**

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Изденүүчү Каденова Жаннат Токтомаматовнанын ««Манас» эпосунда бала Манастын инсан, патриот катары калыптанышында элдик тарбия салттарынын ролу» аттуу кандидаттык диссертациясы **Д 13.18.573** диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү ««Манас» эпосунда бала Манастын инсан, патриот катары калыптанышында элдик тарбия салттарынын ролу» деген теманын алкагында тарыхый этнопедагогикалык изилдөө жүзөгө ашырылган.

Изилдөөнүн **максаты** - «Манас» эпосунда бала Манастын инсан, патриот катары калыптанышында элдик тарбия салттарынын ролун ачып көрсөтүү, аларды Кыргызстандын билим берүү мекемелеринде колдонуунун педагогикалык негиздерин иштеп чыгуу - деп белгиленген.

Коюлган максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттер аныкталган:

1. «Манас» эпосундагы балдарды патриот инсан катары тарбиялоо боюнча салттык билимдерди изилдөөнүн өнүгүш тенденцияларын жана азыркы абалын аныктоо.
2. «Манас» эпосундагы – балдарды мекенчил инсан катары калыптандыруунун факторлоруна жана “табийгый тарбиячылар” институтуна талдоо жүргүзүү.

3. Эпостогу балдарды мекенчил инсан катары калыптандыруунун салттык формалары, методдору, ыкмаларын ачып көрсөтүү.
4. Эпостун негизинде окуучу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо тажрыйбаларынын өнүгүш тенденцияларын анализдөө жана аларга баа берүү.

Диссертациянын изилдөө **объектиси** - «Манас» эпосундагы бала Манастын инсан, патриот катары калыптануу процесси.

Диссертациялык изилдөөнүн **предмети** - «Манас» эпосу аркылуу азыркы жаштарды мекенчилдикке тарбиялоонун педагогикалык шарттары.

Бул объект жана предмет 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин талаптарына туура келет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:**

- Манас баатырдын балалык чагы, инсан катары калыптануусу эпостун бардык варианттарында кеңири айтылып, окуу китептеринен, окуу хрестоматияларынан орун алган менен бирок ал феномендин кыргыз педагогикасында системалуу жана кеңири аспектиден талдоого алынбагандыгы;
- Дүйнөлүк илим-билимдер интеграцияланып жатса да, элдик эпостогу улуттук баатырдын мекенчил атуул, идеалдуу инсан катары калыптануу процессинин башка элдердин педагогика илими менен салыштырма-типологиялык байланышта каралбагандыгы;
- «Манас» эпосундагы бала баатырдын адам катары калыптануусу кыргыз улутунун педагогикалык түшүнүктөрүнүн өтө терең көрүнүшү болсо да, ал процесстин кыргыз элдик педагогикасы менен этнопедагогикалык аспектиден изилдөөгө алынбагандыгы;

Диссертациянын темасы актуалдуу, өз алдынча иштелип чыккан иш болуп эсептелет. Автор белгилегендей, «Манас» эпосунда мекенчил инсандын жетилүү эволюциясын жана анын педагогикалык факторлорун учурдагы этнопедагогиканын талаптарына ылайык, педагогикалык өңүттөн иликтеп-изилденүүсү мезгилдин талабы. Ошону менен бирдикте мектепте ата -энелердин педагогикалык маданиятын кантип өркүндөтүү зарыл? -деген суроого илим тарабынан жетишээрлик жооп бериле элек. «Манас» эпосундагы балдарды бармактайынан мекенчилдикке тарбиялоонун элдик тажрыйбаларынын мазмундук жана процессуалдык жактарын этнопедагогикалык өңүттөн атайын талдоого алган эмгектер жок. Демек, аталган диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугуна күмөн саноого болбойт. Аталган иш өтө зарыл мезгилде, учур талабына шайкеш, абдан олуттуу проблемага арналганы талашсыз.

**3. Диссертациянын илимий натыйжалары**

Иште педагогика илиминин өнүгүшү үчүн маанилүү төмөндөгүдөй илимий теориялык жыйынтыктар тастыкталган:

**1-жыйынтык.** «Манас» эпосундагы балдарды патриот инсан катары *тарбиялоо боюнча салттык билимдердин булагы катары изилдөө боюнча* теориялык көз караштар такталган.

**2-жыйынтык.** «Манас» эпосунда «Манас» эпосундагы - бала Манасты мекенчил инсан катары калыптандыруунун факторлору жана “табийгый тарбиячылар” институтунун ролу ачылып көрсөтүлгөн.

**3-жыйынтык.** Эпостогу балдарды мекенчил инсан, баатыр катары калыптандыруунун салттык формалары, методдору, ыкмалары ачылып берилген.

**4-жыйынтык.** Эпостун негизинде окуучу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо тажрыйбаларынын өнүгүш тенденциялары талдоого алынып илимий баа өлчөмүнөн өткөрүлгөн.

**4. Диссертацияда чыгарылган ар бир жыйынтыктын (илимий жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгүнүн деңгээли.**

Иликтөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалардын ишеничтүүлүгү жана жыйынтыктардын негиздүүлүгү алдыга коюлган милдеттерге шайкеш этномаданий жана этнопедагогикалык методологиялык принциптерди, методдорду колдонуу, эпостун тексттерин этнопедагогикалык өңүттө контент -анализден өткөрүү, аларды теориялык жактан жалпылоо аркылуу камсыздалган.

**5. Диссертацияда изденүүчү чыгарган ар бир илимий жыйынтыктарынын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли:**

**1-жыйынтык.** *Жарым жартылай жаңы*, себеби, «Манас» эпосун этнопедагогикалык булак катары изилдөөгө карата мурдагы изилдөөлөрдө негизделген калыптанган көз карашатар талдоого алынган, жалпыланган.

**2-жыйынтык.** *Жаңы* деп эсептелет, анткени кыргыз этнопедагогикасында алгачкы жолу «Манас» эпосунун мисалында Манастын бала чагындагы мекенчил инсан катары калыптанышы эволюциялык планда, алгач ирет талдоого алынган.

**3-жыйынтык.** *Салыштырмалуу жаңы,* эпостогу балдарды мекенчил инсан, баатыр катары калыптандыруунун салттык формалары, методдору, ыкмалары мурдагы изилдөөлөрдө айкындалган илимий натыйжалар, жаңы табылгалар менен конкреттештирилген.

**4-жыйынтык.** *Жаңы,* Манастын мекенчил инсан катары үлгүсүүн азыркы окуучу жаштарды тарбиялоодогу ролу жана орду туралуу тажрыйбалардын өнүгүш тенденциялары теориялык жактан талдоого алынып, сунуштар иштелип чыккан.

**6. Ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманын, теориялык жана прикладдык милдеттердин чечилишине алынган жыйынтыктардын багытын баалоо.**

Каденова Жаннат Токтомаматовна тарабынан эксперттерге берилген ««Манас» эпосунда бала Манастын инсан, патриот катары калыптанышында элдик тарбия салттарынын ролу» деген темадагы диссертациясынын

жоболору, жыйынтыктары кыргыз педагогикасында Манас баатырдын мекенчил инсан катары калыптанышына таасир эткен турмуштук факторлор көрсөтүлүп, эпостун ар кандай варианттарындагы бул процесстин өзгөчөлүктөрү талданган. Баатырдык доордо эпикалык каармандын мекенчил атуул катары жетилиши, аны ошондой тарбиялоого таасир эткен жагдайлар жана өрнөк болгон инсандар доордун талабы экендигине педагогикалык өңүттөн баа берилген. Алынган жыйынтыктар өз ара байланыштуу, практикалык сунуштары туура теориялык-методологиялык таянычтардын негизинде түзүлгөн. Эмгек тема боюнча ички бир бүтүндүккө бириктирилген бир топ илимий жаңы жыйынтыктарды жана жоболорду ичине камтыйт жана алар изденүүчүнүн педагогика илимине кошкон жеке салымын тастыктай алат.

**7. Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык баалуулугу.**

Изилдөөнүн материаладары жогорку педагогикалык окуу жайлардагы «Педагогика тарыхы», «Педагогикалык теориялар, системалар жана технологиялар», «Манас таануу", «Этнопедагогика» сабактарынын окуу программаларын, окуу китептеринин мазмунун өркүндөтүүдө колдонулушу мүмкүн. Ошондой эле кыргыз мектептеринин окуучуларын тарбиялоонун мазмунун, формаларын, методдорун өркүндөтүүдө эске алынышы мүмкүн.

**8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана натыйжаларынын жарыялангандыгын тастыктоо.**

Диссертациянын мазмуну автордун төмөндөгү эмгектеринде чагылдырылган:


1. Каденова, Ж.Т. Билимге жана чыгармачылыкка карай изденүүнүн башаты [Текст] / Ж.Т. Каденова // Наука,Техника, Образования – Ош, 2014 – №4. – 243-246-бб.
2. Каденова, Ж.Т. «Манас» - эпосу келечек муунга тарбиялык чоң мектеп [Текст] / Ж.Т. Каденова // ОшМУнун жарчысы – Ош, 2016 – №4. – 34-40-бб.
3. Каденова, Ж.Т. Бала Манастын патриот болуп калыптанышынын башаты [Текст] / Ж.Т. Каденова // ОшМУнун жарчысы – Ош, 2016 – №4. – 40-46-бб.
4. Каденова, Ж.Т. Педагогические функции народной традиционной культуры в глобальном мире [Текст] / Ж.Т. Каденова // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук– Москва, 2017 – №2. – 26-29-бб.
5. Каденова, Ж.Т. Глобализация и народная педагогика [Текст] / Ж.Т. Каденова // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук– Москва, 2017 – №3. – 82-84-бб.
6. Каденова, Ж.Т. Причины невоспитанности Манаса и пути их исправления [Текст] / Ж.Т. Каденова // Интернаука– Москва, 2017 – №5(9). – II часть. – 66-69-бб.
7. Каденова, Ж.Т. Кыргыз эл педагогикасында балага ат коюу салтынын «Манас» эпосунда чагылдырылышы [Текст] / Ж.Т. Каденова // Тарых жана мурас түрмөгү. Жусуп Мамай жана түрк калктарынын эпостору Кыргыз Республикасынын Баатыры, манасчы Жусуп Мамайдын

чыгармачыл мурасына арналган IV эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйын. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети. – Бишкек, 2017.– 218-222-бб.
8. Каденова, Ж.Т. The role of folk pedagogy during the globalization [Текст] / Ж.Т. Каденова // IV Uluslararasi Türk Dünyasi Araş tirmalari Sempozyumu Bildiriler Kitabi cilt 3. Ömer Halisdemir Üniversitesi.– Nigde, 2017. – 847-852-бб.
9. Каденова, Ж.Т. Манастын мекенчил инсан катары калыптанышында Кошойдун таасири [Текст] / Ж.Т. Каденова // И. Арабаев атындагы КМУнун жарчысы, 2017. – №4. – 192-194-бб.
10. Каденова, Ж.Т. Манас баатырды табиятты сүйүүгө тарбиялоо [Текст] / Ж.Т. Каденова // И. Арабаев атындагы КМУнун жарчысы, 2017. – №4. – 192-194-бб.
11. Каденова, Ж.Т. Баатыр болуучу баланын төрөлүшүнө байланыштуу элдик педагогикалык түшүнүктөр [Текст] / Ж.Т. Каденова // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары, – Бишкек, 2017. – №4. – 192-194-бб.
12. Каденова, Ж.Т. Бала Манастын мекенчил инсан катары калыптанышына таасир эткен факторлор жана анын тарбиячылары [Текст] / Ж.Т. Каденова // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары, – Бишкек, 2017. – №4. – 192-194-бб.
13. Каденова, Ж.Т. «Манас» эпосундагы сүйүнчүлөө салты [Текст] / Ж.Т. Каденова // ОшМУнун жарчысы – Ош, 2017– №4. – 187-192-бб.
14. Каденова, Ж.Т. Кыргыз эл педагогикасында балалуу болуу тууралуу идеялар [Текст] / Ж.Т. Каденова // ОшМУнун жарчысы – Ош, 2017– №4. – 187-192-бб
15. Каденова, Ж.Т. Манастын мекенчил инсан катары калыптанышында Акбалтанын таасири [Текст] / Ж.Т. Каденова // Эл агартуу журналы – Бишкек, 2017– №4. – 187-192-бб
16. Каденова, Ж. Т. Формы и виды воспитания, обучения Манаса [Текст] / Ж.Т. Каденова // Мир в языке и культуре. Выпуск 14. – Санкт-Петербург 2017. – 81-87-с.
17. Каденова, Ж.Т. Манастын мекенчил инсан катары калыптанышында Ошпурдун педагогикасы [Текст] / Ж.Т. Каденова // Материалы II форума гуманитарных наук «Великая степь». Международная Тюркская Академия. Астана 2017. – 758-762-бб.
18. Каденова, Ж. Т. Роль народной педагогики в формировании личности [Текст] / Ж.Т. Каденова // Народы и культуры Южной Сибири и сопредельных территорий. – Абакан 2017. – 154-156-с.
19. Каденова, Ж. Т. Народная педагогика как источник сохранения традиций воспитания и обучения в условиях глобализации общества [Текст] / Ж.Т. Каденова // Педагогическая наука и современное образование. – Санкт-Петербург 2018. – 229-233-с.
20. Байгазиев С.О., Каденова Ж.Т. Бүгүнкү күндө жаштарды мекенчилдикке тарбиялоонун өзгөчөлүгү [Текст] / Ж.Т. Каденова // И. Арабаев атындагы КМУнун жарчысы, 2018. – №2. – 66-70-бб.

**9. Авторефераттын мазмунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Каденова Жаннат Токтомаматовнанын ««Манас» эпосунда бала Манастын инсан, патриот катары калыптанышында элдик тарбия салттарынын ролу» деген темадагы диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги өз ара иденттүү резюмеси бар.

**10.Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.**

Эксперттик комиссия сунуштаган жетектөөчү мекеме: Бишкек Гуманитардык Университетинин 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин докторлору, кандидаттары эмгектенген педагогикасы кафедрасы (*кафедра башчысы п.и.к. Мураталиева М.., п.и.к. доцент Сулайманкулова Ж.С.., п.и.к. доцент Жумагулова Г.Ж..*) сунушталат.

***Эксперттик комиссия расмий оппоненттер катары төмөнкү адистерди сунуш кылат:***

**Биринчи официалдуу оппонент** – педагогика илимдеринин доктору, профессор **Алимбеков А.** (13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы), изилдөө проблемасына жакын төмөнкүдөй эмгектери бар:

1. «Манас» салттуу педагогикалык терминдерди жана түшүнүктөрдү изилдөөнүн булагы катары// ОшМУнун жарчысы . 2014, №3, 2 – чыгарылыш.-5-10 б.б.
2. “Манас” -тарыхый географиялык билимдердин булагы// И. Арабаев ат. Ун-нин “Манастаануу жана фольклор таануу журналы.2017, № 3 – 116-128 б.б.
3. Эпос жана эл мугалимин даярдоо //Актуальные проблемы образования и науки. / Сб. научн. трудов. – Б.: РЦНПМ и ФР МЗ. КР, 1997. – Вып. 5. – С. 28-33
4. **Экинчи официалдуу оппонент** – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент

Саалиева Д., (*13.00.02* – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы), изилдөө проблемасына жакын төмөнкүдөй эмгектери бар:

1. «Манас» эпосу – элдик адептик салттарды үйрөнүүнүн булагы катары. /Илимий макалалар жыйнагы. – Ош , 2010. –161-167-бб.
2. Элдик чыгармалардын негизинде окуучуларды Ата Журтту сүйүү үлгүсүнө тарбиялоо // Эл агартуу, 2008. – № 3,4. – 50-56-бб.
3. Традиции эстетического воспитания в народной педагогике // Педагогик махорат. – Бухара, 2009. –№4. –С. 27-31.

**11.Диссертацияда орун алган айрым кемчиликтер жана аларды түзөлтүү боюнча сунуштар:**

1. Илимий аппарат илимий жактан олуттуу коррекцияга муктаж Диссертациянын максаты, милдеттери, алынган натыйжалары менен темасынын ортосунда айрым дал келбестиктерди четтетүү зарыл.

2. Элдик педагогиканын таанымы, аныктамалары изилдөө тарыхы боюнча обзордук материалдарды хронологиялык тартипте берүү керек. Эң обол улуу педагогдордун (Коменский ж.б.) көз караштарынан баштоо зарыл. Элдик педагогика боюнча эң биринчи аныктама Г.Н. Волковго таандык. Айрым адабияттарда каралып жаткан маселенин кайсы жагы колго алынганын тастыктаган аргументтер жок.Тескерисинче тема этнопедагогикалык методологиянын алкагында каралып жатса да тике тиешелүү этнопедагогикалык адабияттарга мүнөздөмө берилген эмес. (1.2. 27-27 бб.; 1.3. 31-33 б.б.)
3. Этнопедагогикалык методология тарыхый педагогикалык идеяларды, фактыларды типтештирүү, азыркы илимий акыйкаттар менен салыштырып баалоону талап этет. Тилекке каршы бул талап диссертацияда баштан аяк сакталган эмес. Бул талапка ылайык мекенчил инсанды тарбиялоо жаатындагы табийгый тарбиячылар Ошпур, Кошой, Бакай ж.б. лардын иш аракетиндеги жалпы жана айрымалуу жактарды салыштырып анализдөө, эпосто баамдалган факторлор, методдор жана башкаларды баалоо б.а. азыркы илимий педагогикадагы табылгалар менен салыштыруу, жалпы, айрымалуу жана таасирдүү көрсөткүчтөрүн илим таламынан мүнөздөө сыяктуу иш аракеттер аткарылышы зарыл.
4. Изилдөө тарыхый этнопедагогикалык өнүттөбү же теориялык эксперименталдык багыттабы айрымасын так белгилөө кыйын. Эксперименталдык багытта деп айтууга болбойт. Эксперимент бөлүмү жасалма киргизилген жана педагогикалык эксперименттин бир да талабына жооп бербейт. Главанын аталышын *«Манас» эпосун аркылуу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоонун тарыхы жана өнүгүш тенденциялары»* -деп атап негизинен бул багытта калыптанган тажрыйбалардын тарыхы, бүгүнкү күндө жаралган жаңы табылгаларды айкындоо жана алардын негизинде жаңы илимий-практикалык сунуштарды иштеп чыгуу менен чектелүү керек. Бирок, мында диссертациянын илимий аппаратын, рубрикацияларына, ички мазмунуна айрым жеңил түзөтүүлөрдү киргизүү талап этилет.
5. Диссертацяинын текстинде башка авторлорго берилген шилтеме эл аралык норма боюнча 300 -350 символдон (белги) ашпаш керек. Караңыз: 16; 18-19; 20 -21: б.б) Шилтемелер автор тарабынан учкай талдоого алынышы керек. Жөн эле коментариясыз тизмелөөгө болбойт.
6. Адабияттар тизмесинде темага тиешелүү фундаменталдык жана диссертацияда шилтеме берилген локалдык натыйжалары жакын эмгектер берилиши шарт. М.: Бир эле автордун бир нече эмгегин катары менен тизмелеп берүү эрежеге туура келбейт.
7. Алдын ала коргоого бул кемчиликтер чейин четтетилгенден соң уруксат берилиши зарыл.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы, сунуш кылынган документтерди карап чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.18.573 диссертациялык кеңешине 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана

билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Каденова Жаннат Токтомаматовнанын ««Манас» эпосунда бала Манастын инсан, патриот катары калыптанышында элдик тарбия салттарынын ролу» деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын төрагасы:**
педагогика илимдеринин доктору, профессор Алимбеков А.А.

**Комиссиянын мүчөлөрү:**
педагогика илимдеринин доктору, профессор Муратов А.Ж.

педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Тажикова Б.Ш.

Комиссия мүчөлөрүнүн колун тастыктайм.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы:**
педагогика илимдеринин доктору, профессор Калдыбаева А.Т.